КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРОЗБЕКОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Орозбеков айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма экинчи сессиясы**

Орозбеков айылы 2023-жылдын 04-октябры

**ТОКТОМ № 140**

**Айыл чарбасына жарактуу мамлекеттик фондунун жерлерин натыйжалуу пайдалануу жөнүндө**

Кун тартибиндеги маселе боюнча айылдык кенештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү жобонун 69- беренесине негиз, Орозбеков айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин 2023-жылдын 12-апрелиндеги тооруктун негизинде 40 000 (кырк миң) сомго утуп алган, Ак-Шыбак участкасынын № 629 контурундагы 1 га жер аянтын пайдалануудан баш тарткан Турганбаев Шумкарбек Авазалиевичтин арызына негиз, Орозбеков айыл аймагынын аз камсыз үй-бүлөлөрүнүн катарына кирген Орозбеков айылынын тургуну , 1-топтогу майып Турсунбеков Бакытбек Кудайбердиевичке түз келишимдин негизинде берилсин..

2. Орозбеков айыл өкмөтүнүн айыл чарбасына жарактуу мамлекеттик фондунун жерлерин натыйжалуу пайдалануу жагы айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **О.Ибрагимов**